***САЯСИЙ ИЛИМДЕРИ***
***ПОЛИТИЧЕСКИЕ НАУКИ***
***POLITICAL SCIENCES***

***DOI:10.26104/NNTIK.2023.67.74.055***

*Кудаяр кызы Нурайым*

## КЫРГЫЗ-КЫТАЙ МАМИЛЕЛЕРИНЕ 30 ЖЫЛ: КЫЗМАТТАШТЫКТАГЫ ЖЕТИШКЕНДИКТЕР ЖАНА КӨЙГӨЙЛӨР

*Кудаяр кызы Нурайым*

## КЫРГЫЗСКО-КИТАЙСКИМ ОТНОШЕНИЯМ 30 ЛЕТ: ДОСТИЖЕНИЯ И ПРОБЛЕМЫ СОТРУДНИЧЕСТВА

*Kudayar kyzy Nurayim*

## 30 YEARS TO KYRGYZ-CHINESE RELATIONS: ACHIEVEMENTS AND PROBLEMATIC ISSUES OF COOPERATION

*УДК: 323.22/327.(007(575.2)/174 (510)*

*Кытай Эл Республикасы алдыңкы дүйнөлүк державалардын бири болуу менен, көп жылдар бою Кыргызстандын негизги стратегиялык өнөктөшү бойдон калууда. Дипломатиялык мамилелерди орнотуунун 30-жылында кыргыз-кытай кызматташтыгы стабилдүү өнүгүүнүн жолунда болуп, эки өлкөнүн жогорку деңгээлдеги жетекчилеринин 50гө жакын визиттери болуп өттү. Бул изилдөөдө эки өлкөнүн 30 жыл ичиндеги соода-экономикалык жана маданий-гуманитардык кызматташтыктагы жетишкендиктерине баа берилип, көйгөйлүү маселелер талкууланды. 30 жылдык дипломатиялык мамилелердин алкагында Кыргызстандын социалдык-экономикалык абалын жакшыртуу менен, Түндүк-Түштүк альтернативалык жолун куруу, Бишкек ЖЭБун модернизациялоо, Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жолун куруу сыяктуу бир катар ири долбоорлор ийгиликтүү ишке ашырылып жатканын белгилей кетүү керек. Изилдөөнүн натыйжасында, бүгүнкү күндө Кыргызстан менен Кытай эки тараптуу кызматташтыкты жаңы деңгээлге көтөрүп, ар тараптуу стратегиялык өнөктөштүк жолунда деп айтууга болот.*

***Негизги сөздөр**: Кыргызстан, Кытай, эки тараптуу кызматташтык, маданий-гуманитардык кызматташтык, соода-экономикалык кызматташтык, көйгөйлөр.*

*Китайская Народная Республика, являясь одной из ведущих мировых держав, на протяжении многих лет является главным стратегическим партнером Кыргызстана. За 30 лет с момента установления дипломатических отношений кыргызско-китайское сотрудничество идет по пути стабильного развития, состоялось около 50 визитов руководителей двух стран на высоком уровне. В данном исследовании были проанализированы достижения двух стран в торгово-экономическом и культурно-гуманитарном сотрудничестве за последние 30 лет и обсуждены проблемные вопросы двухсторонних отношений. В рамках 30-летних дипломатических отношений успешно реализуется ряд крупных проектов, таких как строительство альтернативной дороги Север-Юг, модернизация Бишкекской ТЭЦ, строительство железной дороги Китай-Кыргызстан-Узбекистан. В результате исследования можно сказать, что сегодня Кыргызстан и Китай подняли двустороннее сотрудничество на новый уровень и находятся на пути всестороннего стратегического партнерства.*

***Ключевые слова**: Кыргызстан, Китай, двустроннее сотрудничество, культурно-гуманитарное сотрудничество, торгово-экономическое сотрудничество, проблемы сотрудничества.*

*The People's Republic of China, being one of the leading world powers, has been the main strategic partner of Kyrgyzstan for many years. Since the establishment of diplomatic relations, Kyrgyz-Chinese cooperation has been on the path of stable development, about 50 high-level visits by the leaders of the two countries have taken place. In this study, the achievements of the two countries in trade, economic, cultural and humanitarian cooperation were analyzed and problematic issues were discussed. Within the framework of diplomatic relations, a number of large projects such as the construction of the North-South alternative road, the modernization of the Bishkek TPP, and the construction of the China-Kyrgyzstan-Uzbekistan railway are being successfully implemented. As a result of the research, it can be concluded that today Kyrgyzstan and China have raised bilateral cooperation to a new level and are on the path to establish a comprehensive strategic partnership.*

***Key words**: Kyrgyzstan, China, bilateral cooperation, cultural and humanitarian cooperation, trade and economic cooperation, problems of cooperation.*

**Киришүү.** 1992-жылдын 5-январында Кыргызстан менен Кытай дипломатиялык мамилелерди орнотуу боюнча биргелешкен коммюникеге кол коюшуп, кыргыз-кытай мамилелеринин жаңы барагын ачышкан. Бүгүнкү күндө кыргыз-кытай мамилелери динамикалуу өнүгүп, эки тараптуу кызматташуу жогорку деңгээлде деп айтууга болот. Эки өлкөнүн ортосундагы салттуу достук жана коңшулук мамилелер, өз ара ишеним өлкөлөрдүн ортосундагы ар тараптуу стратегиялык өнөктөштүктү чыңдоого, ошондой эле аймактык жана глобалдык масштабда тынчтыкка, туруктуулукка жана өнүгүүгө өбөлгө түзөт.

30 жылдын ичинде мамлекеттер аралык мамилелердин бардык тармактарын камтыган эки тараптуу кызматташуунун бекем укуктук-ченемдик базасы түзүлгөн. Бүгүнкү күндө 220дан ашык мамлекеттер аралык, өкмөттөр аралык, ведомстволор аралык жана аймактар аралык келишимдер жана макулдашуулар бар.

Дипломатиялык мамилелерди орнотуунун 30-жылында кыргыз-кытай мамилелери ар дайым өнүгүү жолунда болуп, эки өлкөнүн жогорку деңгээлдеги жетекчилеринин 50гө жакын визиттери болгон [1].

Кыргызстан менен Кытай мамлекеттери эки тараптуу мамилелерди өнүктүрүү менен бирге, көп тараптуу деңгээлде, тагыраак айтканда, эл аралык жана регионалдык уюмдардын алкагында да терең кызматташууда. Атап айтканда, Бириккен Улуттар Уюму, Шанхай Кызматташтык Уюму, Азиядагы өз ара аракеттенүү жана ишеним чаралары боюнча кеңешме ж.б. ушул сыяктуу уюмдардын ишмердүүлүгү менен бирге байланыштарын чыңдоодо.

Аймактык коопсуздукту жана туруктуулукту камсыздоо маселелери салттуу түрдө Кыргызстан менен Кытайдын тышкы саясатынын негизги приоритеттеринин бири бойдон калууда. Бул контекстте 2002-жылы терроризмге, сепаратизмге жана экстремизмге каршы күрөшүү боюнча кызматташуу жөнүндө макулдашууга кол коюу маанилүү болуп, коопсуздук жана терроризмге каршы күрөш чөйрөсүндө өз ара аракеттенүүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга мүмкүндүк берди. Кыргызстан менен Кытайдын терроризм, экстремизм жана сепаратизмге каршы күрөшүү боюнча позициялары бирдей. Бул багыттагы натыйжалуу иш үчүн 2019-жылы коопсуздук маселелери боюнча кызматташуунун ведомстволор аралык аймактар аралык механизми түзүлгөн [2].

Кыргыз-кытай мамилелеринин өнүгүү тарыхы, анын калыптанышы жана бүгүнкү күндөгү кызматташтыктын абалы бир катар изилдөөчүлөр, окумуштуулар тарабынан изилденип келген актуалдуу маселелердин катарында турат. 2022-жылы кыргыз-кытай дипломатиялык кызматташтыгынын 30 жылдыгы белгиленгендигине байланыштуу эки өлкөнүн мамилелеринин натыйжасындагы жетишкендиктерине баа берүү маанилүү маселе болуп саналат. Ошол себептен улам бул макаланын негизги максаты 30 жылдын ичинде Кыргызстан-Кытай мамилелеринин приоритеттүү багыттарынын натыйжаларын талкуулоо, ошондой эле эки тараптуу кызматташтыктын өнүгүшүндөгү көйгөйлүү маселелерди жана тоскоолдуктарды аныктап чыгуу болуп саналат.

**Соода-экономикалык кызматтыштыктын - натыйжалары.** Кыргызстандын тышкы экономикалык байланыштар тармагында Кытай 30 жылдан бери негизги соода-экономикалык өнөктөштөрүнүн бири болуп келет. Соода-экономикалык кызматташтык кыргыз-кытай мамилелеринин өнүгүүсүнүн негизги кыймылдаткычы саналат. Бул багыттагы өз ара аракеттенүү 1998-жылдагы соода-экономикалык кызматташтык боюнча кол коюлган өкмөттөр аралык макулдашуулардын алкагында ишке ашырылып жатат.

2013-жылы Кыргызстан Кытайдын төрагасы Си Цзиньпиндин “Бир алкак, бир жол” демилгесин биринчилерден болуп колдоп, 2015-жылы Азия инфраструктуралык инвестиция банкынын 37-түзүүчү мүчөсү болгон. Кыргызстан «Бир алкак, бир жол» демилгесин экономикабызды реиндустриалдаштырууну камсыз кылып, ошону менен аны өнүгүүнүн тездетилген жолуна сала турган маанилүү долбоор катары карайт [1].

Эки тараптуу мамилелердин өнүгүү этабында энергетика жана транспорт тармагындагы биргелешкен долбоорлор ийгиликтүү жүргүзүлүп жатат. Атап айтсак, Датка-Кемин электр линиясын куруу жана ишке киргизүү, Ош-Баткен-Исфана, Бишкек-Балыкчы жана Бишкек-Нарын-Торугарт автожолдорун реабилитациялоо, Бишкек ЖЭБин модернизациялоо, Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан, ошондой эле Түндүк-Түштүк альтернативалык жолун салуу, Кызыл-Кыя шаарында цемент заводунун курулушун аяктоо сыяктуу иштер ийгиликтүү өз ара аракеттенүүнүн үлгүсүнөн болуп саналат [3].

Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жолун куруу долбоорун тез арада практикалык ишке ашыруу Борбордук Азия чөлкөмүнүн транзиттик потенциалын толук ачууга карай олуттуу кадам болуп саналат. Өзбекстандын Самарканд шаарында 14-сентябрда Шанхай кызматташтык уюмунун (ШКУ) саммитинин алкагында Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жолунун долбоору боюнча кызматташууга кол коюлган. Макулдашууларга ылайык, жол тилкеси «Торугарт - Арпа - Макмал - Жалал-Абад» багыты менен өтөт. Учурда «Кыргызтемиржолу» ишканасы менен Кытай темир жол курулуш корпорациясынын Долбоорлоо-изилдөө институтунун ортосундагы келишимдин негизинде Кыргызстанга 160 адис келип, жер-жерлерде изилдөө иштери жүргүзүлүүдө. Кыргыз өкмөтүнүн берген расмий маалыматына ылайык 2023-жылдын жаз айларында бул долбоор боюнча негизги документтер Кытайдын Долборлоо институту тарабынан даярдалып бүтмөкчү [4].

Товар жүгүртүү жана Кыргызстандын экономикасына инвестиция тартуу боюнча Кытай биринчи орунда турат. Кытайлык өнөктөштөр менен биргеликте Кыргызстандан Кытайга экологиялык жактан таза айыл чарба продукциясын экспорттоого көмөк көрсөтүү боюнча иштер улантылууда. Кытай тарап жардам көрсөтүүнү жана биздин продукция үчүн рыногун ачууну улантууда.

**Маданий жана гуманитардык кызматташтыктагы жетишкендиктер.** Кытай алдыңкы дүйнөлүк державалардын бири болуу менен, көп жылдар бою Кыргызстандын негизги стратегиялык өнөктөшү бойдон калууда. Стратегиялык өнөктөштүктүн маанилүү багыты болгон соода-экономикалык, инвестициялык мамилелердин катарында маданий жана гума-

нитардык кызматташтык да орун алат. Анткени Кыргызстан менен Кытайды Улуу Жибек Жолунун доорунан бери созулуп келе жаткан көп кылымдык тарых жана маданият байланыштырып турат. Эки тараптуу маданий өз ара аракеттенүүнүн узак тарыхы эки өлкөнүн элдеринин ортосундагы терең байланыштарды айгинелеп турат.

Кыргызстан менен Кытайдын ортосунда дипломатиялык мамилелер түзүлгөндөн бери Кыргызстан менен Кытайдын маданият күндөрү жана чыгармачыл жамааттарынын түрдүү иш-чаралары уюштурулуп, бул эки өлкөнүн оригиналдуу маданий жана музыкалык салттары менен таанышуу иштери жүргүзүлүп жатат. Эки өлкөнүн өкмөттөрүнүн ортосунда маданий-гуманитардык тармакта өз ара кызматташтыкты өнүктүрүү жаатында кол кюлган төмөнкү бир катар макулдашууларды атай кетүү керек:

1. Кыргыз Республикасынын Элге билим берүү министрлиги менен Кытай Эл Республикасынын Билим берүү боюнча мамлекеттик комитетинин ортосундагы 1992-1994-жылдарга кызматташуу жөнүндө макулдашуу (2-май, 1992-жыл);
2. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен Кытай Эл Республикасынын Билим берүү боюнча мамлекеттик комитетинин ортосундагы 1995-1999-жылдарга кызматташуу жөнүндө макулдашуу (25-октябрь, 1995-жыл);
3. 2002-жылдын 24-июнундагы Кытай Эл Республикасынын Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы билим жана илимий даражалар жөнүндө документтерди өз ара таануу жөнүндө макулдашуу;
4. 2006-2011-жылдарга Кыргыз Республикасынын Маданият министрлиги менен Кытай Эл Республикасынын Маданият министрлигинин ортосундагы маданият тармагындагы кызматташуу планы (9-июнь, 2006-жыл) [5].

Жогоруда аталган бир катар келишимдердин негизинде эки тараптуу маданий мамилелер калыптанып, кызматташтык өнүгүү жолунда экендигин байкоого болот. Себеп дегенде, Кытайдын маданиятына жана тарыхына кызыккандардын саны жылдан жылга өсүп, кытай тилин өнүктүрүүгө активдүү колдоо көрсөтүүдө.

Бишкек шаарында 37 кытай тили курсу жана өлкө боюнча 65 кытай тили курстары бар [6] Ош мамлекеттик университети, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, Кыргыз-Түрк “Манас” университети, Кыргызстан эл аралык университети, К.Карасаев атындагы Бишкек Гуманитардык университети сыяктуу педагогикалык жана гуманитардык багытта билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзгөн жогорку окуу жайлардын дээрлик бардыгында кытай тили жана адабиятынын кафедралары, факультеттери ачылган. Ошондой эле 2017-жылдан баштап кытай тилинде билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзгөн жеке мектептер да ачыла баштаган.

2015-жылдын 16-декабрында Пекин шаарында Кыргызстандын Билим берүү жана илим министрлиги менен Кытайдын Билим берүү министрлигинин ортосунда билим берүү жаатында кол коюлган макулдашуунун негизинде жыл сайын кыргыз жарандары акысыз негизде Кытайдан билим алып келүүгө мүмкүнчүлүк алат. Ошону менен бирге жеке окуу борборлору жана билим берүү мекемелери тарабынан да Кытайдан билим алып келүү боюнча түрдүү программалар сунушталып, Кытайга окууга тапшырган студенттердин саны жылдан-жылга өсүүдө. 2020-жылдагы пандемияга чейин Кытайда 4000 ге жакын кыргыз жараны билим алып жаткан. Демек, кыргыз-кытай кызматташтыгын маданий-гуманитардык тармагы ийгиликтүү өнүгүү жолунда деп айтууга болот.

**Кыргыз-Кытай мамилелеринин өнүгүшүндөгү тоскоолдуктар жана көйгөйлөр.** Кыргыз-кытай мамилелери бүгүнкү күндө динамикалуу түрдө өнүгүп жатканына карабастан эки тараптуу кызматташтыктын алкагында келип чыккан көйгөйлүү маселелер да бар. Кытай өкмөтүнө болгон карыздын көлөмү, өлкөдө мыйзамсыз жашаган кытай жарандарынын санынын көбөйүшү, кыргыз кыздарынын кытай улутундагылар менен никелеринин көбөшүйү, жер ресурстары жана кен байлыктардын көзөмөлсүз Кытайга экспорттолушу сыяктуу маселелер элдин арасында көп айтылып, дайыма кызуу талкуулар болуп турат. Ушул себептен улам кыргыз элинин бир бөлүгү Кытайдын Кыргызстанга болгон тышкы саясатынын коопту экенин баса белгилеп, кытай ишканаларынын Кыргызстанда иштешине каршы болуп келишет.

Жогоруда аталган көйгөйлөрдүн бири катары Кыргызстандын Кытайга болгон карызы тууралуу кыскача токтоло кетсек. Кыргыз Республикасынын Каржы министринин маалыматына ылайык өлкөнүн Кытайдын Экспортук-импортук банкына (Эксимбанк) болгон карызы 1 млрд 794 млн 120 миң долларды же 147 млрд 304 млн 940 миң сомду түздү. Эксимбанкка болгон карызды төлөө 2025-жылдан баштап көбөйүп, 2027-жылы туу чокусуна жетет. Буга чейин Министрлер кабинетинин төрагасы Акылбек Жапаров Жогорку Кеңештин жыйынында эгер карыз төлөнбөсө, Кытайдын Экспорттук-импорттук банкы үч стратегиялык объектиге башкаруучу компания киргизерин билдирген. Ал Бишкек жылуулук электр борборун, “Датка-Кеминди” жана Түндүк-Түштүк жолун атаган [7]. Кыргызстандын тышкы карызынын өзгөчө Кытайдын жогоруда аталган банкына болгон карыздын жылдан-жылга өсүшү чындыгында кооптоонууну жаратып, өзгөчө логистика жана транспорт, тоокен тармактарына деп алынган насыялардын катуу көзөмөл алдында пайдалануусу өтө маанилүү маселе болуп саналат.

Мындан тышкары Кыргызстанда тоо-кен тармагында иш алып барган Кытай ишканаларынын канчалык деңгээлде өлкөнүн мыйзамдык-укуктук ченемдерин аткарып жаткандыгына баа берүү керек. Себеп дегенде, кен байлыктарды казуу иштерин жүргүзүүдө экологиялык коопсуздукту сактоо маселеси алдыңкы орунда турат. Мисалы, Кытайлык компаниялардын жана фирмалардын өзгөчө тоо-кен тармагындагы ишканаларда жергиликтүү тургундар менен кытайлык жумушчулардын ортосундагы кагылышуулар. Мисал катары, акыркы эки окуя - Солтон-Сары жана Ат-Башы окуялары экономикалык жана саясий мүнөздөгү кесепеттерге алып келди десек болот [8]. Башка бир мисал катары Чүй облусунун Карабалта шаарындагы “Джунда” нефтти кайра иштетүүчү кытай заводун алсак болот. 2014-жылдан баштап ишке киргизилген заводдун ишмердүүлүгү боюнча бир катар суроо-талаштар орун алып, 2020-жылдан бери заводдун иши токтоп турат. Аталган заводдон чыккан калдыктар жана абага тараган түтүн жергиликтүү калктын ден соолугуна терс таасирин тийгизип жаткандыгы, эмгектенип жаткан кыргыз жарандарынын эмгек шарттары ж.б.у.с. көйгөйлөр болуп келген. Кен байлыктар казылып жаткан аймактын экосистемасынын бузулуп, жергиликтүү калк зыян тарта турган долбоорлордон баш тартуу, же альтернативдүү башка жолдорун табуу маселеси жаралат.

Кошумчалай кетсек, 2010-2018-жылдар аралыгында Кытай Эл Республикасынын жарандары менен Кыргыз Республикасынын 60 гана жараны расмий никеге турушкан (нике күбөлүгүн алышкан). 2010-2018-жылдар аралыгында Кытай Эл Республикасынын 268 жараны Кыргыз Республикасынын жарандыгын алган. Анын ичинен 171 кыргыз, 72 уйгур, 9 өзбек, 6 кытай, 9 дунган жана 1 казак болгон [9]. Жогорудагы маалыматтарды эске алуу менен, жалган маалыматтарды камтыган элдин кайрылуулары жана талаш-тартыштар эки тараптуу кыргыз-кытай стратегиялык кызматташтыгына зыян келтириши мүмкүн. Ушуга байланыштуу так статистикалык маалыматтарды камтуу менен элге туура маалыматты жеткирүү жана кыргыз-кытай стратегиялык кызматташтыгына терс таасирин тийгизе турган чагымчыл сөздөрдү таратуу, жайылтуудан алыс болуу кажет.

**Корутунду.** 30 жылдан ашуун убакыттан бери кызматташтыктын натыйжасында Кыргызстан менен Кытай бекем соода-экономикалык жана маданий-гуманитардык байланыштарды түзүшкөн. Эки тараптуу кызматташтыктын өнүгүү жолунда мамилелерге кедергиси тие турган айрым орчундуу аспектилер да орун алган десек жаңылбайбыз. Кытай өкмөтүнө болгон карыздын көлөмү, өлкөдө мыйзамсыз жашаган кытай жарандарынын санынын көбөйүшү, жер ресурстары жана кен байлыктардын көзөмөлсүз Кытайга экспорттолушу сыяктуу маселелердин эки тараптуу мамилелерге таасирин тийгизи ыктымал. Ошол себептен улам алгач ушул маселелердин канчалык деңгээлде орчундуу экенин анализдеп, аталган көйгөйлөр боюнча тийиштүү бийлик органдары тарабынан иш-чаралар көрүлүшү кажет. Себеби эки элдин стратегиялык кызматташтыгын, коңшулук жана достукка негизделген дипломатиялык байланыштарын өкүндөтүүдө ушул сымал көгөйлөр терс таасирин тийгизип калышы ыктымал.

Кыргызстан менен Кытай мамлекеттери өз ара эки тараптуу кызматташтыктын аркасында энергетика жана логистикалык чөйрөлөрдө биргелешкен долбоорду ишке ашыруу менен төмөндөгүдөй жыйынтыктар орун алды:

– Ош - Баткен - Исфана, Бишкек - Балыкчы жана Бишкек – Нарын - Торугарт жолдору калыбына келтирилди;

– Түндүк-Түштүк альтернативалык жолун куруу долбоору ийгиликтүү ишке ашырылууда;

– Бишкек ЖЭБ модернизацияланды;

– Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жолун куруу боюнча долбоордун документтери 2022-жылдын апрель айында бекитилип, ишке киргизүү күтүлүүдө. Жогоруда аталган долбоорлорду ишке ашыруу Кыргыз Республикасынын энергетика жана транспорттук логистика тармактарынын чыңдалышына өбөлгө түзүп, Кыргызстандын экономикасынын өнүгүшүн камсыз кылат.

Белгилей кетсек, эки мамлекет ортосундагы соода-экономикалык жана маданий-гуманитардык кызматташтыктын өнүгүшүнө байланыштуу, кытай тилин билүү бүгүнкү күндө артыкчылыктуу багыт болуп, Кыргызстанда кытай маданиятына жана тилине болгон кызыгуу жыл сайын өсүүдө. Ошол себепке байланыштуу кыргыз жаштарынын арасында Кытай мамлекетинен жогорку билим алуу же иш тажрыйбасын топтоо кеңири жайылып, кызыкдар болгондордун саны жылдан жылга өсүүдө. Бул жагдай келечекте Кыргызстандын социалдык-экономикалык абалын жакшыртуу, билимдүү жана тажрыйбалуу адам ресурстарын түзүүдө өз салымын кошот деген ишеним бар.

Жыйынтыктап айтканда, бүгүнкү күндө Кыргызстан менен Кытай 30 жылдык дипломатиялык мамилелердин натыйжасында эки тараптуу кызматташтыкты жаңы деңгээлге көтөрүп, ар тараптуу стратегиялык өнөктөштүккө карай бет алды деп айтууга болот.

**Адабияттар:**

1. Статья Министра иностранных дел Кыргызской Республики Р.Казакбаева. Синьхуа новости. 2022. // [Электронный ресурс]: http://russian.news.cn/2022-01/05/c_1310410003.htm
2. Омурова Ж.О., Алмазбек кызы Ширин, Хань Сюэ. Стратегическое партнёрство Кыргызской Республики с Китайской Народной Республикой // Международный журнал экспериментального образования. - 2022. - № 1. - С. 5-10.
3. Сабиров Р.К. Кыргыз-Кытай кызматташтыгы (экономикалык жана маданий аспекттер). / Наука и новые технологии, № 10-11, 2008.
4. [Электронный ресурс]: https://24.kg/kyrgyzcha/251239_-kyitay kyirgyizstan_ozbekstan_temir_jolun_kuruu_dokumentteri_aprelde_dayar_bolot/ 01.12.2022
5. Салиев А.Л. «Китайский фактор» во внешней политике Кыргызстана: двусторонний и региональный уровни. 2008. \\ [Электронный ресурс]: https://textbooks.studio/mejdunarodnie-otnosheniya-uchebnik/kitayskiy-faktor-vneshney-politike.html
6. Сайт Посольства КНР в Кыргызской Республике. Рука об руку создаем прекрасное будущее китайско-кыргызских отношений. 2021.\\ [Электронный ресурс]: https://www.mfa.gov.cn/ce/cekg/rus/dssghd/t1913563.htm
7. Кыргызстан Бүгүн, 2022.\\ [Электронный ресурс]: https://kyrgyztoday.org/archives/465838
8. Иманалиев М. 2020. \\ [Электронный ресурс]: https: // cabar.-asia/ru/negativnye-faktory-kyrgyzsko-kitajskih-otnoshenij
9. Вечерний Бишкек. \\ [Электронныйресурс]: https://-www.vb.kg/doc/375554_za_8_let_tolko_60_grajdan_kyrgyz stana_vstypili_v_brak_s_grajdanami_kitaia.html
10. Кудаяр кызы Н. Кыргызско-Китайские отношения в рамках проекта «один пояс – один путь». / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2022. №. 1. С. 196-199.

---